*Дисциплинанын аталышы жана коду*: **Б.1.1 Кыргыз тили жана адабияты**

| | |
|---|---|
| **Лектор** | **Турпанова Жылдыз Асыранбековна** |
| **Байланыш маалыматтары:** | 0500008837; 0777008837<br>jyldyzturpanova@gmail.com jyldyztur@mail.com |
| **Кредиттин саны:** | 2 |
| **Датасы:** | **04.01.2018-ж.** |
| **Сабактын максаты жана милдеттери** | Кыргыз тили жана адабияты башка окуу предметтери сыяктуу студенттердин дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат, ошондой эле турмушта инсан катары өз алдынча калыптанууга жардам берет.<br>Студенттердин кыргыз тили жана адабияты сабагы боюнча таалим-тарбия алышы, аны практикада колдоно билиши, кыргыз тилин окутуунун максатын аныктайт. Окутуу процессиндеги жогоруда аныкталган максаттар 4 компоненттин негизинде ишке ашырылат:<br>1.Билим берүүчүлүк компоненттин максаты–лингвистикалык жана филологиялык илимдин негиздерин таанып-билүү аркылуу студенттердин ой таанымын кеңейтүү жана кыргыз элинин сүйлөө маданиятын терең өздөштүрүүгө жетишүү.<br>2. Өркүндөтүүчүлүк компоненттин максаты–кыргыз тили боюнча өздөштүргөн билимин андан ары тереңдетип өнүктүрүү, тил табиятына жана көркөм сөз өнөрүнө болгон кызыгуусун арттыруу.<br>3. Тарбиялык компоненттин максаты–кыргыз элинин көркөм сөз өнөрүнүн бай казынасы менен тааныштыруу, аларды элдик каада-салтын, үрп-адатын адеп-ахлагын, коомчулук алдындагы адамдык парзын адабий тексттерде көркөм берилиши аркылуу элдик рухий дүйнөнү таанытуу, улуттук аң сезимин өнүктүрүү.<br>4. Практикалык компоненттин максаты–кыргыз тилинин практикалык курсу жана сүйлөшүү, жазуу ишмердүүлүгү боюнча алган билгичтиктерин, көндүмдөрүн, баалуулуктардын турмуштун ар түрдүү кырдаалдарында колдоно билүү.<br>Ал эми кыргыз тилин үйрөтүүдөгү негизги максаттар төмөндөгүдөй милдеттердин ишке ашырылышын көздөйт.<br>1.Турмуштук кырдаалдар боюнча сүйлөшө турган жана окула турган тексттердин тематикаларын аныктоо;<br>2.Тилдик материалдардын курулуш каражаттарын (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык) аныктоо;<br>3.Билим берүүнүн гумандаштыруу процессине басым жасоо.<br>4. Мурдагыдай маалыматтык “билимдик” мамилеге эмес, өнүктүрүүчү жана ишмер мамилеге басым жасоо.<br>5. Билим алууга жоопкерчиликтүү, аң-сезимдүү мамиле жасаган социалдык жактан активдүү инсанды тарбиялоого багыт берүү. |
| **Курстун баяндалышы** | Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасы мамлекеттик тилди өнүктүрүү, мамлекеттик тилдин улуттук программасын ишке ашыруу максатында жана кыргыз адабиятына салым кошкон, уюткусун түзгөн көчмөн цивилизациянын даанышмандарын, белгилүү жазуучуларыбыздын өмүрү, чыгармачылыгын үйрөтүү менен студенттердин адабиятка, маданиятка болгон ой таанымын кеңейтүү иретинде окутулат..<br>Кыргыз тили мамлекеттик тил катары билим берүү мекемелеринин бардык түрлөрүндө, багыттарында окутулуп, үйрөтүлүп келүүдө.<br>Мамлекеттик тилди үйрөнүүгө жардамдашуу, үйрөнүлүп жаткан тилди алып жүрүүчү элдин этномаданияты, адабияты менен тереңирээк тааныштыруу, андыктан, да тексттер жөнөкөй, түшүнүктүү жана тил |

| | |
|---|---|
| | үйрөнүүгө ылайыктуу болгону ийги.<br>Кыргыз тил жана адабият сабагын үйрөтүүдө төмөнкү жагдайларга көңүл буруубуз абзел.<br>- Кыргыз тили менен адабиятты интеграциялап окутуу;<br>- Тил аркылуу дил таанытуу;<br>- Кыргыз тили жана адабияты сабагындагы сөздүк жумуштарын аткаруу болуп саналат<br>Окутуучу тарабынан аларга тапшырмалар берилет ошол тапшырмалардын, модулдардын негизинде жыйынтык чыгарылат. |
| **Сабакка чейинки пререквизиттери** | Студенттердин мурда алган билимдерин өркүндөтүү<br>Сабак аралык байланыштар |
| **Сабактан кийинки постреквизиттери** | Кырдаалга жараша сүйлөшүүгө үйрөнөт.<br>Текстке фактологиялык жана концептуалдык суроолорду түзүү жөндөмү өсөт.<br>Тилдик көнүгүүлөр аркылуу туура сүйлөө кебин жана жазуусун калыптандырат<br>Этномаданий лексикаларды өздөштүрөт.<br>Адисттик лексикаларды өздөштүрөт.<br>Чыгармаларды талдоо аркылуу көз карашы калыптанат |
| **Күтүлүүчү компетенциялар** | Кыргыз тили жана адабиятын үйрөнүүгө аң-сезимдүү жана атуулдук мамиле жасаган жигердүү инсандарды тарбиялоо Тил-элдин рухий байлыгы, сыймыгы, кечээки тарыхы, бүгүнкү жашоосу, эртеңки келечеги экендигине багыттоо<br>**Билим:** өзүнүн мекени менен сыймыктануу, тарыхый баалуулуктарды баалай билүүсү, элибиздин каада-салтынын тарбиялык маанисин, ата-бабалар калтырган осуяттардын негизинде салтты билүүсү;<br>**Билгичтик:** көркөм окуу жөндөмдүүлүгү артып, тили жатыгып, оозеки сөз байлыгы байып аларды айта билүүсү,<br>**Көндүм:** мамлекеттик тилдин мааниси жана орду жөнүндө түшүнүп, ой пикирин турмушунда колдоно билүүсү, мекенибиздин атагын чыгарган белгилүү инсандарды ажырата билүү**,** алар жөнүндө маалымат топтоо жөндөмүн колдоно билүүсү; |
| **Курстун саясаты** | Кыргыз тили жана адабияты башка окуу предметтери сыяктуу студенттердин дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат жана турмушта инсан катары өз алдынча калыптанууга жардам берет. Эң негизгиси улут катары сакталыш үчүн кыргыз тили жана адабияты курсун тийиштүү түрдө окутуу мамлекетибиздин жана билим берүү системасынын өзөгү экенин унутпашыбыз керек. |
| **Окутуунун методу** | Инновациялык методдор; интерактивдүү методдор; репродуктивдүү метод; эвристикалык метод; изилдөөчүлүк метод |
| **Билимин текшерүүнүн формасы** | Жазуу жана оозеки формасында<br>• модулдук текшерүү; тесттер<br>• дил баян, эссе<br>• жеке жана топ менен чыгармачылык иштер<br>• көркөм окуу<br>• жыйынтыктоочу текшерүү иштери. |
| **Адабияттар:**<br>**Негизги**<br>**Кошумча** | Негизги адабияттар:<br>1. Абдулдаев Э., Исаева Д., Кыргыз орфографиясынын эрежелери (Практикалык колдонмо. 3-басылышы). - Фрунзе: Мектеп, 1986- 120 б.<br>2. Абдулдаев Э. Азыркы кыргыз тили. (ЖОЖдун филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнүн студенттери үчүн). - Бишкек: Кыргызстан, 1998. 3-135-б.<br>3. Ахматов Т., Мукамбаев Ж., Азыркы кыргыз тили: фонетика, лексика. - Фрунзе: Мектеп, 1978. - 90 б.<br>4. Ахматов Т., Давлетов С., Сартбаев К., Иманалиев С., Тил илимине киришүү. - Фрунзе: Мектеп, 1980.<br>5. Ахматов Т.К, Өмүралиева С. Кыргыз тили: фонетика, лексика, (ЖОЖдун журналистика факультеттери үчүн окуу китеби). - Фрунзе: Мектеп, 1990-3-118 б. |

| | |
|---|---|
| | 6. Дыйканов К. Кыргыз тилиндеги үндүүлөр. - Фрунзе, 1959<br>7. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили (ЖОЖдун студенттери үчүн). 1-бөлүк.- Бишкек: Кыргызстан, 1996.-129 б.<br>8. Жалилов А. Кыргыз тилиндеги талдоонун түрлөрү. -Бишкек, 1990.<br>9. Жапаров Ш., Сыдыкова Т., Кыргыз тилинин диалектологиясы. - Бишкек: Сабыр, 2001. – 150 б.<br>10. Ибрагимов С. Тил илиминин негиздери (ЖОЖдун студенттери үчүн) -Бишкек: Раритет Инфо, 2000. – 200 б.<br>11. Карасаев Х. Карасаева А. Түгөйлүү сөздөр. (Дублеттүү сөздөрдүн справочниги). - Фрунзе, 1971. – 128 б.<br>12. Карасаев Х. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. - Фрунзе; КСЭ, 1983. – 576 б.<br>13. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы: I бөлүк (фонетика, морфология). - Фрунзе: Илим, 1980. – 540 б.<br>14. Ахматов Т.К., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили: (Фонетика, лексика). – Фрунзе: Мектеп, 1978.-176 б.<br>15. Ахматов Т.К., Өмүралиева С. Кыргыз тили: (Фонетика, лексика). –Фрунзе: Мектеп,1990.-234 б.<br>16. Жапаров Ш. Азыркы кыргыз тилиндеги синонимдер. –Фрунзе: Мектеп,1971. –64 б.<br>17. Жапаров Ш. Кыргызская антропонимика. –Бишкек: Илим,1992. –191 б.<br>18. Жапаров Ш., Сейдакматов К. Кыргыз тилиндеги синонимдер сөздүгү.-Фрунзе: Илим, 1984. –468 б.<br>19. Жапаров Ш.Кыргыз адам аттары,-Ф.:Илим,1989. 115б.<br>20. Жапаров Ш. Кыргыз адам аттарынын сөздүгү. –Фрунзе: Мектеп, 1979. –464 б. |
| **СӨИ** | 1. Кыргыз тили кылымдарды карыткан,<br>Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан.<br>2. Тил улуттун негизги белгиси.<br>3. Кыргыз тилинин жана жазмасынын тарыхы.<br>4. Кыргыз тилинин түрк тилдеринин ичинен алган орду.<br>5. Кыгыз тилинин башка тилдерден айырмаланган өзгөчөлүгү.<br>6. Адамзаттын тарыхындагы жазуунун орду.<br>7. Кыргыз эли колдонгон жазуулар.<br>8. Тарыхый белгилүү инсандар инсандар.<br>9. Барсбек – кыргыздын каганы.<br>10. Ж.Баласагын – улуу ойчул, илимпоз.<br>11. М.Кашгари – Орто Азиялык филолог, илимпоз.<br>12. Алай ханышасы – Курманжан датка.<br>13. Башкаруу деген эмне жана ал эмне үчүн зарыл?<br>14. Дүйнө жүзүндөгү белгилүү башкаруучулар.<br>15. Кыргызстандын башкаруу системасы.<br>16. Кыргызстанда менеджменттин өнүгүү өзгөчөлүктөрү жана көйгөйлөрү<br>17. Фирма жана ишкана.<br>18. Өлкөбүздөгү орто жана кичи ишканалар.<br>19. Кыргыз элинин көркөм кол өнөрчүлүгү.<br>20. Кыргыз элиндеги салт-санаа, ырым-жырымдар, алардын мааниси.<br>21. Өнөр алды кызыл тил<br>22. Кыргыз тилиндеги макалдар алардын тематикасы.<br>23. Улуттук кийимдер, ак калпак кыргыздардын сыймыгы.<br>24. “Улут болсоң баркыңды бил, унутпай ата салтыңды бил”.<br>25. Экономика илиминин өнүгүшү.<br>26. Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын экономикасы.<br>27. Дүйнөлүк экономика.<br>28. Базар жана бизнес<br>29. Менеджмент жөнүндө түшүнүк.<br>30. Менеджменттин функциялары.<br>31. “Улут болсоң тилиң менен улутсуң”<br>32. Тарыхы болбой эл болбойт.<br>33. Улуу Жибек жолу<br>34. Караханий доорундагы Орто Азиянын өнүгүшү<br>35. Байыркы ыргыз каганаты<br>36. Орток түрк, кыргыз мурастары<br>37. Кыргызстандагы эркин соода<br>38. Жеке ишкерлик.<br>39. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү.<br>40. Бата ырлары, алардын түрлөрү, мааниси.<br>41. Кыргыз эли - меймандос.<br>42. Улуттук оюндар. |

| | |
|---|---|
| | 43. Элдик музыкалык аспаптар – элибиздин маданий байлыгы.<br>44. Үч бурoo, жалгыз тээк үч кыл комуз,<br>Чертилбейт, күүгө келбейт чебер колсуз.<br>45. Залкар комузчулар жана алардын чыгармалары<br>46. Боз үй кыргыздын турак жайы.<br>47. Өндүрүштү башкаруунун принциптери жана функциялары.<br>48. Кыргыз маданияты жана искусствосу<br>49. Кыргыз драматургиясына чыйыр салган инсандар<br>50. Сахна жылдызы – Бүбүсара Бейшеналиева<br><br>2-семестр<br>1. Кылым карыткан кыргыз маданияты<br>2. Мамлекеттүүлүктүн башатындагы инсандар.<br>2. И.Раззаков – коомдук, мамлекеттик ишмер жана алгачкы экономист.<br>3. Финансынын мааниси жана негизги белгилери<br>4. Адам жана анын асыл сапаттары<br>5. Адеп жана ыйман<br>6. Эне - үй-бүлө куту<br>7. Сүйүү – бул сулуулук<br>8. Дос кадыры<br>9. Спорт бул – ден соолук.<br>10. Ден соолук – жашоонун булагы.<br>11. Мен таза болсом, сен таза болсон коом таза<br>12. Туризм өлкөнүн келечеги<br>13. Ачык асман алдында тоолуу Кыргызстанга саякат.<br>14. Бишкек баатырдын тарыхы<br>15. Өнүгүүнүн башаты байланыш.<br>16. Кыргызстандагы касиеттүү жерлер<br>17. Өскөн жердин кооздугу.<br>18. Билим кылым мурасы.<br>19. Кыргызстандагы илим менен билим<br>20. Кыргызстандагы жогорку окуу жайлар<br>21. Илимдер академиясынын чыйыр жолу.<br>22. XXI – кылымдын кадрлары<br>23. Ар бир кесип ардактуу<br>24. Мен тандаган кесиптин тарыхы жана өнүгүшү<br>25. Менин кесибимди аркалаган белгилүү инсандар<br>26. Менин кесибимдин коомдогу орду жана ролу<br>27. Адам баласынын жашоосундагы аңчылыктын орду.<br>28. Жаныбарлар дүйнөсү.<br>29. Оозеки чыгармачылыктын тарыхы, анын түрлөргө бөлүнүшү.<br>30. “Finansia” термини жөнүндө түшүнүк.<br>31. Сулуулук дүйнөнү сактайт.<br>32. Элдик оозеки чыгармачылыктын тарыхы<br>33. “Манас”эпосу дүйнө теңдешсиз чыгарма.<br>34. Атактуу манасчылар С.Орозбаков жана С.Каралаевдин өмүр чыгармачылык жолу.<br>35. “Замана” агымы жана анын өкүлдөрү<br>36. Ч.Айтматов – кыргыз көркөм адабиятынын шедеври<br>37. Айтматов жана кино<br>38. Кино чеберлери.<br>39. С.Чокморов кайталангыс талант.<br>40. Кылымдагы манкурттук.<br>41. XXI – кылымдын көйгөйлөрү.<br>42. Жаратылыш алдындагы адамзаттык парзыбыз<br>43. Адам менен табияттын байланышы.<br>44. Каржы жана анын мааниси.<br>45. Кыргызстандын эмгек рыногу.<br>46. Улуттук валюта<br>47. Кыргыз Республикасынын бюджет системасы |
| **Кошумча түшүнүк.** | КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 27-ноябрындагы №1455/1 буйругунун негизинде Жогорку профессионалдык билим берүүнүн Мамлекеттик стандартына “Кыргыз тили жана адабияты” деп өзгөртүү киргизилгендигине байланыштуу силлабуска да өзгөртүүлөр киргизилди. |

**Календардык-тематикалык план (темалардын жумага саат менен көрсөтүлүшү)**
**2017-2018- окуу жылындагы 1-курстар үчүн кыргыз тили жана адабияты курсу боюнча түзүлгөн силлабус**
**1-семестр**

| **№** | **Сабактын темасы** | **С** | **Адабияттар** | **Текшерүүнүн формасы** | **Мөөнөтү** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Таанышуу. Билим күнү. Кыргыз тили – мамлекеттик тил.<br>*Фонетика.Үндүү жана үнсүз тыбыштар. Үндүүлөрдүн үндөштүк закону*<br>**Орто кылымдардагы адабий мурастардан. М.Кашгари жана Ж.Баласагындын чыгармачылыгы** | 2 | Тургамбаева А.С., Усекова А.А « Кыргыз тили», 1-2 бөлүк | Орто кылымдагы адабият өнүндө окуп келүү | 4.09.17 |
| 2 | «Мекеним - Кыргызстан».<br>*Лексика. Сөздөрдүн тике жана өтмө маанилери. Омонимдер, синонимдер антонимдер.*<br>**Уламышка айланган акындардын мурастарынан. Асан Кайгы, Кет Буканын өмүрү жана чыгармачылыгы** | 2 | Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2010 | Сөздүн өтмө жана кыйыр маанилерин ажыратууга көнүгүү аткаруу<br>Асан Кайгы, Кет Буканын чыгармаларынан жатка айтуу | 11.09.17 |
| 3 | Кыргыз элинин адамдарга берген сыппаттоосу.<br>*Архаизмдер. Неологизмдер. Кесиптик лексика.*<br>**Замана акындары. Калыгул «Акыр заман», Арстанбек «Тар заман».** | 2 | Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», 1-2-бөлүк | Архаизм сөздөрдү чечмелөө. «Замана» темасына окшоштуруп ыр жазууну үйрөнүү | 18.09.17 |
| 4 | «Билим кенч – эмгек анын ачкычы».<br>*Кыргыз тилинин диалектилери*<br>**19-20-кылымдардагы кыргыз кол жазма адабияты. Жазгыч акындар Тоголок Молдо “Кемчонтой”, Молдо Кылыч “Чүй баяны”** | 2 | Мурас. – Б.: «Кыргызстан» 1990. | Түндүк, түштүк диалектисине мисалдарды таап келүү<br>Эссе. Молдо Кылычтын чыгармаларынын саясий куугунтукка түшүшү | 25.09.17 |
| 5 | «Китеп – билим булагы» Улуттук китепканага саякат<br>*Сөз түркүмдөрү.*<br>*Зат атооч.*<br>**Эл ырчылары. Жеңижок “Аккан суу”, “Жалгыз тал” Т.Сатылганов “Беш каман”,** | 2 | Молдо Кылыч. Казалдар – Б.: «Адабият» 1990. | Жеңижоктун философиялык багыттагы чыгармаларына талдоо жүргүзүү | 2.10.17 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Б.Алыкуловдун сүйүү лирикалары** | | | | |
| 6 | «Бейиш эненин таманында».<br>*Сын атооч. Сын атоочтун даражалары*<br>**Төкмө акындар. К.Акиев «Баскан жол», А.Үсөнбаев «Токтогулга эстелик»** | 2 | К.Артыкбаев Кыргыз совет тарыхы | Эссе. «Төкмөлүктүн табияты» Адамдын мүнөзүн чагылдырган фразеологизмдерден мисал жазып келүү | 9.10.17 |
| 7 | Адам менен табияттын байланышы<br>*Сан атооч жана анын бөлүнүшү.*<br>**20-жылдардагы кыргыз адабияты. К.Тыныстанов «Жаңыл Мырза» поэмасы С.Карачев «Эрксиз күндөрдө» повести** | 2 | Жеңижок – Б.: «Бийиктик» 2006. | Реферат «Касым кандай киши эле?» | 16.10.17 |
| 8 | Кыргызстандын белгилүү инсандары.<br>*Ат атооч жана анын бөлүнүшү*<br>**Кыргыз профессионал адабияты. А.Токомбаев - кыргыз совет адабиятынын баштоочусу. «Таң алдында» романы** | 2 | Кыргыз деп күйгөн Касым Тыныстанов М.Молдобекова, “Обон” 24.03.2009. | Электрондук материал даярдоо Үркүн темасына байланышкан реферат жазуу | 23.10.17 |
| 9 | Кыргыз элинин маданияты.<br>*Тактооч жана анын түрлөрү.*<br>**Ж.Турусбековдун өмүрү, чыгармачылыгы. «Ажал ордунда» драмасы** | 2 | Токомбаев А. Кандуу жылдар. 1-2-том – Б.: 1991 | Реферат | 30.10.17 |
| 10 | Улуттук майрамдар.<br>*Этиш жана анын чактары.*<br>**К.Баялиновдун өмүрү чыгармачылыгы. «Ажар» повести**. | 2 | Муратов А. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу. Монография. – Б.: 2009 | Электрондук материал даярдоо | 06.11.17 |
| 11 | «Эл ичи – өнөр кенчи».<br>*Этиштин өзгөчө формалары. Атоочтуктар. Атоочтуктардын этиштик белгилери.*<br>**М.Элебаевдин өмүрү, чыгармачылыгы. «Узак жол» романы** | 2 | К.Артыкбаев. 20 кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы.- Бишкек, 2007 | Суроо берүүнү үйрөнүү. | 13.11.17 |
| 12 | Кыргыз даамы.<br>*Чакчылдар. Чакчылдардын этиштик белгилери*<br>**Ж.Бөкөнбаев өмүрү жана** | 2 | К.Артыкбаев. 20 кылымдагы кыргыз адабиятынын | Дил баян | 20.11.17 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **чыгармачылыгы** | | тарыхы.- Бишкек, 2007 | | |
| 13 | Кыргыз улуттук оюндары<br>*Кыймыл атоочтор*<br>**Т.Сыдыкбековдун өмүрү, чыгармачылыгы. «Тоо балдары» романы** | 2 | Сыдыкбеков Т Көк асаба. – Ф.: «Адабият» 1989. | Реферат | 27.11.17 |
| 14 | Кыргыздын улуттук кийимдери.<br>*Өзгөчө сөз түркүмдөрү: сырдык сөздөр, тууранды сөздөр.*<br>**А.Осмоновдун өмүрү, чыгармачылыгы. "Жеңишбек" поэмасы** | 2 | А.С.Тургамбаева, А.А Усекова « Кыргыз тили», 1-2 бөлүк | Синквейн. | 4.12.17 |
| 15 | **М.Алыбаевдин өмүрү, чыгармачылыгы. Лирикалары**<br>*Кызматчы сөздөр*<br>Жыйынтыктоо, бышыктоо | 2 | | Пикир алмашуу, суроо-жооп. | 11.12.17 |
| | | | | | |

**2017-2018- окуу жылындагы 1- курстар үчүн «Кыргыз тили жана адабияты» курсу боюнча түзүлгөн силлабус 2-семестр.**

| № | Сабактын темасы | саат ы | Адабияттар | Текшерүүн үн формасы | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Саясат жөнүндө түшүнүк.<br>*Сөз айкашы жөнүндө түшүнүк. Сөз айкашынын түрлөрү*<br>**Ч.Айтматовдун алгачкы аңгемелери** | 2 | Алиясова Г.Д., Адылова Б.К. «Кыргыз тили. Тексттер жана тапшырмалар», Б.,2010 | Суроо-жооп | 23.01.18. |
| 2 | Таза шайлоо.<br>*Туруктуу сөз айкашы. Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк*<br>**Ч.Айтматовдун повесттери: "Жамийла", "Бетме бет", "Саманчынын жолу"** | 2 | Жантөшев К. Тандалган чыгармалар 1-2-том. – Ф.: «Кыргызстан» 1972 | Реферат | 30.01.18. |
| 3 | Искусство – адамдын жан дүйнөсү.<br>*Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышуу жолдору: Ээрчишүү, ыкташуу байланышы*<br>**Ч.Айтматовдун романдары: "Кыямат", "Кылым карытар бир күн"** | 2 | «Кыргыз элдик искусствосу» Ф.1987 | Видеролик даярдоо | 06.02.18 |
| 4 | Адабият искусствонун бир түрү. | 2 | Кыргыз | | 13.02.18 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | *Башкаруу, таандык байланышы*<br>**Ч.Айтматовдун соңку чыгармалары: “Тоолор кулаганда”** | | Республикасынын энциклопедиясы Б.2004 | Эссе | |
| 5 | Кыргыз кино өнөрү<br>*Сүйлөм жөнүндө түшүнүк. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр*<br>**Ш.Бейшеналиев – балдар жазуучусу** | 2 | Мезгил жана Алыкул. Макалалар, каттар, эскерүүлөр. – Ф.: «Адабият» 1990. | | 20.02.18 |
| 6 | Белгилүү заманбап тасмалар.<br>*Жөнөкөй сүйлөм жана анын түрлөрү: Атама сүйлөм. Кемтик сүйлөм*<br>**К.Жантөшевдин өмүрү, чыгармачылыгы. “Каныбек” романы**<br>*Татаал сүйлөмдүн түрлөрү. Тең байланытагы татаал сүйлөм* | 2 | Мидин Чыгармаларынын бир томдугу. – Ф.: 1961 | М.Алыбаевдин куйкум ырларынан көркөм окуу | 27.02.18 |
| 7 | Элдик музыка жана заманбап кыргыз музыкасы<br>*Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм анын түрлөрү*<br>**Сатира жанры: Б.Сарногоев, Р.Шүкүрбековдун сатриалары** | 2 | Сарногоев Б. Ашуудан берген отчетум. – Ф.: «Адабият» 1989. | Элдик ырлардан ырдоо | 06.03.18 |
| 8 | Кыргыз музыка өнөрү<br>*Максат багынынкы сүйлөм.*<br>**Тарыхый романдар. Т.Касымбековдун өмүрү, чыгармачылыгы. “Сынган кылыч”романы** | 2 | Райкан Тандалган ырлар. . – Б.: «Кыргызстан» 1998. | Аңгемелешүү Р.Абдыкадыров, А.Кадыров, А.Керимбаевдердин обондоруна таасирленүү | 13.03.18 |
| 9 | Театр өнөрү.<br>*Сын-сыпат багынынкы сүйлөм.*<br>**С.Жусуевдин өмүрү, чыгармачылыгы. “Курманжан датка” романы** | | | “Курманжан датка – Алай ханышасы” презентация даярдоо | 20.03.18 |
| 10 | Театрга саякат.<br>*Шарт багыныңкы сүйлөм*<br>**К.Осмоналиевдин чыгармачылыгы. “Көчмөндөр кагылышы” романы** | 2 | К.Артыкбаев. 20 кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы.- Бишкек, 2007 | Тарыхый романдын табияты жөнүндө билүү | 27.03.18 |
| 11 | Кыргыз скульпторлору<br>*Мезгил багынынкы сүйлөм.* | 2 | К.Артыкбаев. 20 кылымдагы | Уркуя Саалиева | 03.04.18 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **Н.Байтемировдин өмүрү, чыгармачылыгы. “Тарых эстелиги”** | | кыргыз адабиятынын тарыхы.- Бишкек, 2007 | жөнүндө маалымат таап келүү | |
| 12 | Көркөм сүрөт искусствосу *Себеп багынынкы сүйлөм*. **Т.Абдымомунов «Абийир кечирбейт» драмасы** | 2 | «Декоративно-прикладное искусство Киргизии» М.1984 | “Абийир кечирбейт” драмасынан сценка даярдоо Бишкек шаарынын скульптурасын баяндоо | 10.04.18 |
| 13 | Г.Айтиев атындагы атындагы музейге саякат *Орун багынынкы сүйлөм.* **Ж.Садыковдун өмүрү жана чыгармачылыгы. “Манастын уулу Семетей” драмасы** | 2 | «Декоративно-прикладное искусство Киргизии» М.1984 | Сүрөтчүнүн устаканасына баа берүү “Манастын уулу Семетей” драмасын театрдан көрүү | 17.04.18 |
| 14 | Өрнөктүү өмүр *Сан өлчөм багынынкы сүйлөм.* **М.Байжиевдин өмүрү, чыгармачылыгы. “Төрт адам” драмасы** | 2 | «Кыргыз элдик искусствосу» Ф.1987 | Кыргыз сүрөтчүлөр коому менен баарлашуу | 24.04.18 |
| 15. | Жыйынтыктоо сабагы | 2 | К.Артыкбаев. 20 кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы.- Бишкек, 2007 | Белгилүү инсандар боюнча сабак-презетацияга даярдануу ( топтук иш) | 08.05.18 |
| | **Текшерүү. 2-модуль** | 2 | | | |
| | | **30с.** | | | |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

<table>
<tr><td rowspan="2">№</td><td rowspan="2">Жума<br><br>Айлары</td><td>-</td><td>-</td><td>-</td><td>4</td><td>5</td><td>6</td><td>7</td><td>8</td><td>9</td><td>10</td><td>11</td><td>12</td><td>13</td><td>14</td><td>15</td><td>16</td><td>Баллдын суммасы</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="4">Январь</td><td colspan="6">февраль</td><td colspan="5">март</td><td></td></tr>
<tr><td>1</td><td>Кезектеги көзөмөл</td><td></td><td colspan="4">29.01.2018-ж.</td><td colspan="6">12.02.- 19.02.2018-ж</td><td colspan="5">02.03-20.03.2018-ж</td><td>40 балл</td></tr>
<tr><td>2</td><td>СӨИ тапшыруу мөөнөтү</td><td></td><td colspan="4"></td><td colspan="6">20.02. - 28.02. 2018-ж.</td><td colspan="5">19.03. - 30.03. 2018-ж.</td><td></td></tr>
<tr><td rowspan="2">№</td><td rowspan="2">Жума<br><br>Айлары</td><td>1</td><td>2</td><td>3</td><td>4</td><td>5</td><td>6</td><td>7</td><td>8</td><td>9</td><td>10</td><td>11</td><td>12</td><td>13</td><td>14</td><td>15</td><td>16</td><td>Баллдын суммасы</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="4">апрель</td><td colspan="6">май</td><td colspan="5"></td><td></td></tr>
<tr><td>1</td><td>Кезектеги көзөмөл</td><td></td><td colspan="4">09.04-20.04. 2018-ж.</td><td colspan="6"></td><td colspan="5"></td><td>40 балл</td></tr>
<tr><td>2</td><td>СӨИ тапшыруу мөөнөтү</td><td></td><td colspan="4">09.04. - 23.04. 2018-ж</td><td colspan="6"></td><td colspan="5"></td><td></td></tr>
</table>




*СӨИ – студенттин өз алдынча иши.

*Кошумча түшүнүк:* Кезектеги жана жыйынтыктоочу көзөмөлдү өткөрүүнүн графиги

Окуу бөлүмү тарабынан бекитилет.

*Дисциплинанын аталышы жана коду*: **Б.1.5**

| | |
|---|---|
| **Лектор** | **Турпанова Жылдыз Асыранбековна** |
| **Байланыш маалыматтары:** | **0500008837; 0777008837** |
| **Кредиттин саны:** | 2 |
| **Датасы:** | **04.01.2018.** |
| **Сабактын максаты жана милдеттери** | "Манас таануу" курсунун максаты жана актуалдуулугу.<br>Улуттук духу күчтүү, өзүн сыйлаган ар бир эл өзүнүн руханий дөөлөттөрүн аздектеп, сактап, окутуп-үйрөтүп, ата-бабадан калган элдик мурасын учурдун талабына жараша пайдаланат. Антпесе улуттун тарыхы унутулуп, маданий баалуулуктардын нарк-насили төмөндөп, элдин каада-салттык көрөнгөсү соолот.<br>«Манас» эпосу – көркөм, көлөмдүү, мааниси терең идеялык мазмунга ээ монументалдуу чыгарма. Кыргыз көчмөн цивилизациянын энциклопедиясы катары кызмат кылып келе жатат. Элдин кылымдар бою калыптанган этнопедагогикалык көз карашын чагылдырган теңдешсиз дидактикалык, педагогикалык каражат. Кыргыз улутунун туу туткан сыймыгы, ата-бабадан калган тарыхый мурасы.<br>«Манас» эпосу көчмөн цивилизациянын теңдешсиз эпикалык мурасы, кыргыз маданиятын, тарыхын, этнографиясын, этнопедагогикасын окуп үйрөнүүнүн энциклопедиясы экенин жаштардын аң-сезимине, жан-дүйнөсүнө жеткирүү.<br>- «Манас» эпосу менен элдин тарыхынын бирдигин, Кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн күрөштүн тарыхый баскычтарынын эпосто чагылышын, улуттук идеологиянын маңзын окутуу.<br>- Эпикалык чыгарманын жаралыш өзгөчөлүгүн, манасчылык, айтуучулук өнөрдүн бөтөнчөлүгүн, аүдап-билүүгө үйрөтү. Чоң-чоң манасчылардын өмүр-баяны, чыгармачылыгы менен тааныштыруу.<br>- «Манас» эпосун жазып алуу, изилдөө, басып чыгаруу, башка элдердин тилдерине которуу тарыхын окутуу.<br>- «Манас» трилогиясынын сюжетин окутуу.<br>- «Манас» эпосунун идеясын түзгөн – эркиндик, көз каранды эместик, мамлекеттүүлүк, баатырдык, акыйкаттык, патриоттук сыяктуу маселелердин чечмеленишин, адамзат турмушундагы маани-маңызын окутуп үйрөтүү.<br>- Нрава, этика, элдик каада-салт, элдик философия, элдик искусство, диний ишенимдердин эпосто көркөм чагылышын жана турмуштагы практикалык маанисин окутуу.<br>- «Манас» эпосу бүгүнкү күндөгү кыргыз искусствосунун башка түрлөрүнүн өнүгүшү үчүн да соолбос булак, негизги тема болгонун окутуу.<br>- Кыргыз элинин руханий, материалдык маданиятын, адеп-ахлак, ыйман маселелерин «Манас» эпосунун мисалында окутуп үйрөтүү<br>- «Манас» эпосун классикалык эпостун бийик үлгүсүндөгү адабий көркөм чыгарма катары эле эмес, рух дөөлөтү, улут мурасы, ар тараптуу билим алуунун, тарбия берүүнүн энциклопедиясы катары да окутуп-үйрөтүү зарыл. |
| **Курстун баяндалышы** | «Манас» көчмөн кыргыз цивилизациясынын эпикалык улуу мурасы, кыргыз маданиятынын, тарыхынын, философиясынын, этнографиясынын, этнопедагогикасынын энциклопедиясы;<br>«Манас» эпосунда кыргыз мамлекеттүүлүгүн орнотуу үчүн күрөштүн тарыхый көз ирмемдери, элдин тарыхы жана улуттук идеялогиянын маңызы;<br>Эпикалык чыгарманын өзгөчөлүгүн жана манасчылардын айтуу чеберчилигин өздөштүрүүсү абзел;<br>«Манас» эпосун изилдөө, жазып алуу, басмадан чыгаруу, которуу тууралуу маалыматты билүү;<br>Адам жашоосундагы эркиндик, эгемендүүлүк, мамлекеттүүлүк, баатырдык, мекенчилдик, калыстык өңдүү түшүнүктөрдүн маанилүүлүгүн аңдай билүү;<br>Эпосто улуттун эстетикалык баалуулугу, салт-санаасы, философиясы, искусствосу, диний ишенимдери, көз караштары жана алардын жашоодогу баалуулугу чагылдырылганын билүү;<br>Эпосто кыргыз элинин материалдык жана руханий маданияты чагылдырылышын билиши шарт. |
| **Сабакка чейинки** | Эпос боюнча билген маалыматтарын бышыктоо, кызыгуусун, эпосту окуу |

| | |
|---|---|
| **пререквизиттери** | ынтызарлыгын арттыруу; |
| **Сабактан кийинки постреквизиттери** | Окуу курсу аяктаганда студент төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:<br>✓ “Манас” эпосунун туруктуу өзөк окуяларын окуу жана билүү, ыр саптарынан жатка айта билүү;<br>✓ Манас бабабыздын Антын,“Манас” гимнин жатка айта билүү,<br>✓ “Манас” эпосунун жети осуятынын маанисин түшүнүп айта билүү;<br>✓ Манасчылардын жана изилдөөчүлөрдүн өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө билүү;<br>✓ Ар бир окуяны иреттүү түшүнүп, өз оюн туура, оозеки билдирүү;<br>✓ Жазуу иштеринде өз көз караштарын, пикирин жана сунуштарын ирети менен жаза билүү;<br>✓ Пикир алмашууда “Манас” эпосунан учкул сөздөрдү, элдик айтымдарды, ыр саптарын колдоно билүү;<br>✓ Эпизоддорду көркөм окуу, окуп түшүнүү; эпосунун адеп-ахлак, ар-намыс, достук маселелерин, тарбиялык маанисин түшүнө билүү;<br>✓ “Манас” эпосу боюнча иллюстрацияларды жыйноо, слайддарды түзүү;<br>✓ Тарыхый маалыматтар,“Манас” айылы жөнүндө текст түзүп, баяндап берүүсү. |
| **Күтүлүүчү компетенциялар** | “Манас таануу” курсун өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптануучу **компетенциялар:**<br>Сабактын негизги түрү– лекция жана семинардык сабактар. Мындан сырткары студенттер менен аңгемелешүү, реферат, илимий макала жазууга багыт берүү жана окутуунун техникалык каражаттарын колдонуу.<br>**Билим:** өзүнүн мекени менен сыймыктануу, тарыхый баалуулуктарды баалай билүүсү, элибиздин каада-салтынын тарбиялык маанисин, ата-бабалар калтырган осуяттардын негизинде салтты билүүсү;<br>**Билгичтик**: көркөм окуу жөндөмдүүлүгү артып, тили жатыгып, оозеки сөз байлыгы байып аларды айта билүүсү,<br>**Көндүм:** мамлекеттик тилдин мааниси жана орду жөнүндө түшүнүп, ой пикирин турмушунда колдоно билүүсү, мекенибиздин атагын чыгарган белгилүү инсандарды ажырата билүү**,** алар жөнүндө маалымат топтоо жөндөмүн колдоно билүүсү; |
| **Курстун саясаты** | “Манас” эпосунун кайталангыстыгын, философиялык мааниси тереңдигин, ички маңызын түшүнө билүүгө, тексттен үзүндү келтирип, маанисин чечмелеп берүү;<br>Студенттердин инсан катары калыптануусунда эркин сүйлөөгө үйрөтүү, жаратылышты, маданиятты сактоо жоопкерчилигин өстүрүү;<br>“Манас” эпосундагы кеп байлыгын сиңирип, өз оюн, пикирин таамай, жеткиликтүү айта билүүгө, көркөмдөп сүйлөй жана жаза билүүгө, эпостун сөз берметтерин сүйлөө кебинде колдонууга, кептик чеберчиликти өнүктүрүү;<br>Окумуштуулардын илимий пикирлерин окуп, түшүнүп жана сын ой жүгүртүп, өз пикирин билдирүүсү, жыйынтык чыгара билүү жөндөмүн арттыруу. |
| **Окутуунун методу** | Эвристикалык, илимий-изилдөөчүлүк, эвристикалык, инновациялык методдор |
| **Билимин текшерүүнүн формасы** | Жазуу жана оозеки формасында<br>• модулдук тесттер<br>• дил баян, эссе<br>• жеке жана топ менен чыгармачылык иштер<br>• жыйынтыктоочу текшерүү иштери. |
| **Адабияттар:**<br>**Негизги**<br>**Кошумча** | Негизги адабияттар:<br>1.“Манас” энциклопедиясы. – Б., 1-2-том. 1995.<br>2. С.Байгазиев “Манастаануу” Б.,2011<br>3. Б.Турал, Т.Тургуналиев “Манас” боюнча хрестоматия.,2013<br>4. Т.А.Бакчиев “Манасчылар”, Б.,2010<br>5. А.Жакыпбек “Теңири Манас”, Бишкек “Кыргызстан”,1995<br>6.“Манас” Энциклопедия 1-2 том Бишкек,1995<br>7.“Манас” эпосу (С.Каралаевдин варианты) Ф.,Кыргызстан1984<br>8. А.Максүтов “Айкөл Манас баяны” Б.,2014<br>9. Б.А.Каримова «Манастаануу», Б,2012 |

| | |
|---|---|
| | Кошумча адабияттар:<br>10. Б.К.Оторбаев "Манас" эпосу, Б.,2007<br>11. Улуттук илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунун №738, №4095, №378 папкалары<br>12. Улуу манасчы Сагымбай, Казалдар, эскермелер, иликтөөлөр Б.,1992<br>13. М. Убукеев, Консервация эпоса "Манас" в контексте современной культуры.– В.кн.Эпос"Манас" и искусство" Б.,1994<br>14. М. Ауэзов,"Киргизский героический эпос"Манас". Алма-Ата Казгосиздат,1961<br>15. Р.З.Кыдырбаева,"Генезис эпоса"Манас"– Ф.,Илим1979<br>16.А.Асанканов, Н.Х.Бекмухамедова."Акындар жана манасчылар кыргыз элинин руханий маданиятын түзүүчүлөр жана сактоочулар".– Б.,1999<br>17. С.Мусаев,"Манас" эпосу(кара сөз түрүндө) Ф., Илим,1983<br>18. Ч.Айтматов,"Манас– океан эпос"–Б.,Илим,1994<br>19. К.Рахматулин., Творчество манасчы.–Ф., Илим,1968<br>20. А.Акматалиев., Избранное.– Б.,Илим,1996.1-2 том<br>21. С.Орозбаков,«Манас»1-4томдор, Ф.,1978-1982<br>22. Т.А. Бакчиев.,"Манастаануу" Б.,2012<br>23. С.Каралаев,«Манас»,«Семетей»,«Сейтек», Ф.,1982-1987<br>24. Б.Максүтов,« Эр Семетей баяны»,«Сейтек», Б,1995,1997. |
| **СӨИ** | 1. Кыргыз элинин маданий, адабий мурастарынын коомдук маанисинин түбөлүктүүлүгү.<br>2. Элдик фольклор жана этнопедагогикалык тарбия.<br>3. «Манас»- руханий маданияттын улуу мурасы.<br>4. Эпикалык чыгарманын жаралышына өбөлгө болгон тарыхый окуялар.<br>5. Кыргыз мамлекеттүүлүгү «Манас» эпосунун контекстинде.<br>**6.** «Манастын» баатырдык эпос катарында калыптанышынын жана ёнъгъшънън тарыхый этаптары туурасындагы илимий пикирлер.<br>7. Акындар, манасчылар – руханий маданиятты сактоочулар.<br>8. Манасчылык өнөр.<br>9. С. Орозбаковдун өмүрү жана чыгармачылыгы.<br>10. Таланттуу айтуучу С. Каралаев.<br>11. Чүйлүк манасчылардын мектеби.<br>12. Ысык – Көлдүк манасчылардын мектеби.<br>13. Тянь – Шандык манасчылардын мектеби.<br>14. «Манас» эпосун жарыялоо, басып чыгаруу тарыхы.<br>15. «Манас» эпосун изилдөө тарыхы: «Манастаануу» илими.<br>16. «Манас» эпосунун башка элдердин тилдерине которулушу жана дүйнө элдеринин адабиятындагы орду. |
| **Кошумча түшүнүк.** | КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 27-ноябрындагы №1455/1 буйругунун негизинде Жогорку профессионалдык билим берүүнүн Мамлекеттик стандартына "Кыргыз тили жана адабияты" деп өзгөртүү киргизилгендигине байланыштуу силлабуска да өзгөртүүлөр киргизилди. |

**Календардык-тематикалык план (темалардын жумага саат менен көрсөтүлүшү)**

| № | Темасы | Сааттын саны | Адабияттар | Модуль боюнча суроолор |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Манас» - кыргыз көчмөн цивилизациясынын эпикалык улуу мурасы. | 2 | Байгазиев С.О. Манастаануу. – Б.: 2000 | Эпостун дүйнө жүзүнө таанылышы. ЮНЕСКО тарабынан катталышы |
| 2. | «Манас» жана манасчылар. | 2 | Байгазиев С.О. Манастаануу. – Б.: 2000 | Манасчылардын бүгүнкү орду. Залкар жана жаш муундагы манасчылар |
| 3. | «Манас» эпосун Октябрь ревалюциясына чейин жыйноо, жазып алуу, изилдөө иштери | 2 | Байгазиев С.О. Манастаануу. – Б.: 2000 | Жергиликтүү жана чет элдик изилдөөчүлөр б-ча маалымат<br>Манас таануу илиминин башаты: В.Радлов, Ч.Валиханов, М.Ауэзов. |
| 4. | «Манас» эпосун Октябрь ревалюциядан кийин жыйноо, жазып алуу, изилдөө иштери | 2 | Байгазиев С.О. Манастаануу. – Б.: 2000 | С.Мусаев - «Манас» эпосун изилдөөчү. Манастаануучу - ф.и.д. Р.З.Кыдырбаева. |
| 5. | “Манас” эпосун жарыялоо, басмадан чыгаруу иштери | 2 | Байгазиев С.О. Манастаануу. – Б.: 2000 | «Манас» эпосунун башка элдердин тилдерине которулушу, изилдениши. |
| 7. | «Манас» эпосунун идеясы | 2 | Байгазиев С.О. Манастаануу. – Б.: 2000 | Аалам-адам, оң-терс, дос-кас, жакшылык-жамандык, ак-кара түшүнүктөрүнүн эпосто берилиши. |
| 8. | «Манас» эпосунун образдар системасы | 2 | Байгазиев С.О. Манастаануу. – Б.: 2000 | “Өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн күйгөн өрт жаман |
| 9. | «Манас» трилогиясынын сюжети. | 4 | Манас I китеп /С.Орозбаковдун варианты. -Ф.,1978., Манас II китеп /С.Орозбаковдун варианты. -Ф. ,1980., Манас III китеп./С. | Салттык туруктуу окуялар (эпизоддор) боюнча конспект Эпоско экинчи өмүр берүү деген эмне? |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Орозбаковдун варианты. -Ф., 1981., Манас IV китеп./С.Орозбаковдун варианты. -Ф., 1982., Манас I китеп./С.Каралаевдин варианты. -Ф., 1984.Семетей.II китеп /С.Каралаевдин варианты .-Ф.,1989, .Сейтек./С.Каралаевдин варианты. - Манас II китеп/С.Каралаевдин варианты. -Ф., 1985., Семетей.I китеп/С.Каралаевдин варианты. -Ф.,1987. Жакыпбеков А. Теңири Манас. – Б.: 1995 | |
| 10. | «Манас» эпосу жана руханий маданият | 2 | Кыргыздардын улуттук маданияты / түзүүчү: К.Жусупов, Ж.Бакашева, К.Иманалиев. – Бишкек, 2012 | Тарыхый эстеликтерге баруу бүгүнкү күндө актуалдуубу? |
| 11. | «Манас» эпосу жана материалдык | 2 | Кыргыз элинин уюткулуу сырлары – Б., Кут бер, 2012 | Манасчылар - руханий маданиятты сактоочулар кимдер? |
| | Манас» - искусствонун башка түрлөрүндө: «Манас» жана театр: «Айчүрөк», «Манас» оперылары, «Айкөл Манас», «Манастын уулу Семетей», «Сейтек» драмалары | 2 | «Манас» энциклопедиясы. I-II том.-Б.,1995. | “Манастаануу” курсунан өзүмө эмне алдым? |
| 12. | “Манас” жана кино: “Манасчы”, “Саякбай Каралаев”, “Айкөл Манас”, “Жаш Манасчылар” аттуу кинотасмалар | 2 | «Манас» энциклопедиясы. I-II том.-Б.,1995. | “Манас” эпосунун негизинде кандай кин тасмалар тартылган? |
| 13. | “Манас” жана кыргыз музыкалык искусствосунун тарыхы: В.Власов, В Фере, А.Малдыбаев ж.б. | 2 | «Манас» энциклопедиясы. I-II том.-Б.,1995. | В.Власов, В.Фере, А.Малдыбаев жөнүндө эмне билесиң? |
| 14. | “Манас” эпосунун көркөм сүрөт өнөрү, архитектура, скульптурадагы ролу | 2 | «Манас» энциклопедиясы. I-II том.-Б.,1995. | “Манас” эпосунун көркөм сүрөт өнөрү, архитектура, скульптурадагы ролу кандай? |
| 15. | Жалпы | 30 | | |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

| № | Жума | - | - | - | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллдын суммасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Айлары | | | | | | февраль | | | | | | март | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | | | | | 12.02.- 19.02.2018-ж | | | | | | 02.03-20.03.2018-ж | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | | | | | 20.02. - 28.02. 2018-ж. | | | | | | 19.03. - 30.03. 2018-ж. | | | | | |
| № | Жума | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллдын суммасы |
| | Айлары | | апрель | | | | май | | | | | | | | | | | |
| 1 | Кезектеги көзөмөл | | 09.04-20.04. 2018-ж. | | | | | | | | | | | | | | | 40 балл |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | 09.04. - 23.04. 2018-ж | | | | | | | | | | | | | | | |

www.keu.edu.kg

*СӨИ – студенттин өз алдынча иши.

*Кошумча түшүнүк:* Кезектеги жана жыйынтыктоочу көзөмөлдү өткөрүүнүн графиги Окуу бөлүмү тарабынан бекитилет.